**Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган Ысакбаева Зинат Турдубековнанын “Ч.Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология” темадагы диссертациясына филология илимдеринин доктору Мамбеталиев Кубан Ильясовичтин расмий оппонент катары берилген**

# ПИКИРИ

Изилдөө филология илимдеринин доктору А.Жантаевдин жетекчилиги менен Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды. Диссертациянын материалдарынын негизинде жарыяланган макалалардын көлөмү жана сапаты талапка жооп берет. Тема актуалдуу. Бул изилдөөнүн маани-маңызы, каралган маселелер 10.01.01 – кыргыз адабияты адистигине дал келет. Изилдөө киришүү, 3 бап, корутунду, практикалык сунуштар, адабиятттардын тизмеси жана 3 тиркемеден турат.

**Биринчи бап** - “Чынгыз Айтматовдун романдарын баалуулуктук аспектте изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери”. Бул жерде 2 параграф бар - “Чынгыз Айтматовдун чыгармачылыгын адабият таануу жана башка гуманитардык илимдерде изилденүүсүнө сереп”; “Чынгыз Айтматовдун чыгармачылыгын баалуулуктук аспектте изилдөө кыргыз адабият таануусунун келечектүү багыты катары”.

Биринчи параграфта Айтматов тануу боюнча (айтматоведение) жазылган эмгектер иликтенди. Филологиянын бул тармак боюнча корголгон диссертациялар каралды - чет өлкөдө жана Кыргызстанда жакталган диссертациялар. Маанилүү эмгектерге өзгөчө көнүл бурулду, бул А.Акматалиевдин, К.Асаналиевдин, А.Садыковдун, Л.Укубаеванын, А.Эркебаевдин, Осмонакун Ибраимовдун, Калык Ибраимовдун, С.Алахандын, Ж.Бакашеванын, Э.Нурушевдин китептери, орус илимпоздордон Г.Гачев менен В.Левченконун китептери аталды. Бул жерде негедир адабият таануунун залкар инсандары катары дүйнөгө белгилүү болгон Лев Аннинский менен Вадим Кождиновдун эмгектери (Айтматовдун



ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 116/04-8
« 6 » 01 2021 г.

чыгармаларына багышталган эмгектери) айтылбай калдыптыр. Жазуучунун чыгармаларына жалаң эле позитивдүү пикирелр айтылган эмес, сын багытында да пикирлер айтылган.

Экинчи параграфта диссертант Айтматовдун көкөм дүйнөсүнүн ичине кирген баалуулуктук деген жагы изилдөөгө муктаж экенин белгилеп, ушуга себеп болгон нерселерди аныктап чыкты. Илимде мындай багытты “аксиология” деп аташат - грек тилинен келген термин “баалуулук” (ценность) деген тушунуктү берет. Ушул жагынан карасак, айтматов таанууда буга чейин мындай ракурста илимий эмгек жазыла элек. Баалулуктун элементтери “так или иначе” илимий эмгектерде каралган, бирок жалпы темалырдын контекстинде, өз алдынча бөлунүп, өз алдынча тема болуп каралган эмес. Диссертанттын ишинин “жанылыгы” ушундай түрдө жазылганында болуп жатат. Айтматовдун романдары (совет доорунан кийин жарык көргөн романдары) философиялык мазмунду көркөм сөзгө диалектикалык түрдө ширелиштиргени менен айырмаланат. Диссертант ушул жаңы көрүнүшту илимдин ыкмалары менен талдаш керек экенин сунуштап, кийинки бапта ишке ашырды.

**Экинчи баптын** аталышы “Чынгыз Айтматовдун романдарындагы баалуулукту изилдөөнүн обьектиси, предмети, методологиясы жана материалдары”. Буга 3 параграф кирет - “Чынгыз Айтматовдун романдарындагы баалуулукту изилдөөнүн обьектиси жана предмети”; “Чынгыз Айтматовдун романдарындагы баалуулукту изилдөөнүн методологиясы жана методдору”; “Изилдөөнүн негизги материалдарына адабий-теориялык экскурс”.

Биринчи параграфта жазуучунун романдары аксиологиялык нукта адабият таануу илимине изилдөөнүн обьектиси катары кириши аныкталды. Бул обьекттин ичине Аймтовдун романдары менен чогуу анын макалалары, интервьюлелери, маектери кирет. Материалдар диссертацияда системалуу түрдө изилденди. Ушуга кошоо айтматоведдердин эмгектери да изилдөөнүн обьектине кирди. Мындай көз караш та обьектинин негизги предмети,

албетте, Айтматовдун романдарындагы аксиологиялык мазмун, каармандардын идеалдарынын баалуулугу (же баалуу эместиги), позитивдүү жагы менен негативдүү жактардын айкалышы. Романдардын тексттерин диссертант талдоодон өткөрүп (текстовый анализ), аксиология менен көркөмдүктүн синтезин көрсөтүүгө жетишти. Конкретүү каармандарга бул жагынан баа берилди - Эдигей, Казангап, Абуталип, Авдий, Иисус, Бостон, Филофей, Роберт Борк, Арсен, Элес. Ушунусу менен диссертант тарабынан Айтматовдун романдарына аксиологиялык өлчөм менен илимий талдоо жүргузүүгө шарт түздү. Илим тармагы үчүн бул актуалдуу проблема. Ооба, Айтматовдун романдарында биринен экинчисине адамзаттын түбөлүктүү дөөлөттөрү (баалуулуктары) агып өтөт, бирок ар бир романдарында бул процесс “шаблон” түрүндө өтпөйт, себеби бийик денгелдеги накта көркөм чыгармада “баалуулуктар” конвейер сыяктуу көрунбөйт, бул чыгармачылык процесс, демек ар дайым “жаңылык” катары сезилет.

Ушул жерден бир нерсени белгилеп кетели. Диссертант илимпоздордун эмгектерин терең өздөштүрүптүр. Буга мисал катары орус адабиятчы Е.Попованын докторлук диссертациясы күбө болуп берет. Ушул эмгекти диссетант негизги методологиялык улгү катары чыгармачык түрдө пайдаланып, баалуулуктун көрсөткүчтөрүн өзгөчө аныктады. Е.Попованын изилдөөсү “Ценностный подход в исследовании литературного творчества” деп аталат, бул жерде “Истина, Добро и Красота как инвариантные признаки художественности” деген главасы бар. Ушуну менен диссертанттын эмгеги “преемственная связь” катары ”компаративистика” деп аталган илимдин негизги көрсөткүчүн далилдеп турат. Албетте, позитивдүү түрдөгү “связь”, жаңылыктарга, ачылыштарга алып бара турган байланыш. Попованын изилдөөсу адабияттын илиминде өзгөчө орунду ээлейт, себеби мындай багыттын алгачкы тепкичи, башаты. Ушуну Борбор Азияда биринчи болуп Зинат Ысакбаева улап кетти. Ал эми кыргыз илимине тиешелүү айтсак, бул жаңы кадам экени талашсыз.

Экинчи параграфта изилдөөгө алынган материалдарга көз чаптырма (экскурс) жасалат. Романдардагы пафостун трагедиялык жана драмалык таасирлери каралды. “Кылым карытар бир күн” деген чыгарманы диссертант роман-метафора деп санагандарды колдойт. Мындай тартипте “акцент” кылууга негиз деле жок, себеби реализмдин классикалык калыбында жазылган романды “метофоралабай” койгону туура болот, бул роман Достоевский менен Булгаковдун рецепциялык таасиринде жазылган. Калган романдарына да диссертант тарабынан мунөздөмө берилиптир. Мисалы, “Кассандра тамгасы” романын утопия менен антиутопиянын синтези деп баалагандарды колдоп, “бул жерде көркөмдүк жана интеллектуалдык аңдаштыруунун предметине айланган” деп айтканы талашсыз. “Тоолор кулаганда” деген романды диссертант “өзгөчө орунду ээлейт” деп, классиктин жыйынтыктоочу болуп саналат жана анын негизги идеяларын камтыйт” деди. Буга да каяша айтуунун кереги жок, себеби ар бир автордун жыйынтыктын чегине келген чыгармасы болот. Диссертант изилдөөнүн обьектисине кирген романдарга көз чаптырып, аталган тексттердин тематикасын, проблематикасын жана пафосун жетиштүү түрдө ачып берди десек туура болот.

**Үчүнчү баптын** аталышы “Чыңгыз Айтматовдун романдарынын көркөмдүк-аксиологиялык мазмуну”. Бул жерде 5 параграф - “Чыңгыз Атйматовдун романдарындагы “акыйкаттык”; “Чыңгыз Айтматовдун романдарындагы “жакшылык”; “Чыңгыз Айтматовдун романдарындагы “сулуулук”; “Чыңгыз Айтматовдун романдарындагы “эмгек”; “Чыңгыз Айтматводун промандарындагы “үй-бүлө”.

Биринчи параграфта баалулуктун бир көрсөткүчү иликтенди, бул “акыйкаттык” (справедливость), муну диссертант биринчи орунга чыгарып, романдарды ушунун багытында талдап чыкты. Ооба, жазуучу так ушул сапатка (акыйкаттыкка) абдан чоң маани бергени чыгармаларында көрунүп турат. Ар бир каарман так ушул үчүн курөшуп, жан аябайт. Мисалы, Арсен Саманчин акыйкаттык үчүн акыркы демине чейин күрөшөт.

Экинчи параграфта “жакшылык” деген баалулуктун дагы бир элементи каралды. Айтматов муну чыгармаларында “кызыл сызык” (красная полоса) менен көрсөтөт - совет доорунда да, эгемен доорунда да жазуучу “жакшылык меселеси” жалпы адамзаттын маселеси катары, жашоонун эн алдыңкы орунда турганын белгилеп, муну өзүнүн милдети катары эсептеген.

Үчүнчү параграфта “сулуулук” каралды. Баалуулуктун бул элементин да Айтматов ар тараптан көрсөтүп, ар тараптан баалаган - тышкы жагынын сулуулугун, ошондой эле ички дүйнөсүнүн сулуулугун. Диссертант ушул сапатты чыгармага ылайк карап, салыштармалуу түрдө муңөздөп берди.

Төртүнчү параграфта “эмгек” деген элемент иликтенди. Буга да жазуучу көңүлүн бурган - муну “адам касиетиндеги эң негизги жана зарыл экендигин” белгилеген. “Адам ким экени жана кандай экени анын эмгеги аркылуу билинет” деп дагы бир ирет айтканы бар. Эмгекчил адам башкаларга кара санатайлыкты кылбайт. Эмгекчил жакшылык менен айкалышат. “Эмгекчил адамдар бири-бирин алыстан тааный билишет” деп жазуучу чыгармаларында мындай адамдардын көркөм элестерин чеберчиликтин баа жеткис денгелинде чагылдырып берди. Ушуну диссертант илимий ишинде даана көрсөттү.

Бешинчи параграфта “үй-бүлө” баалуулуктун дагы бир жагы катары каралды. Мисалы, “Кылым карытар бир күн” романында бул маселе элестүү сүрөттөлгөн - Эдигейдин, Казангаптын, Абуталиптин жана Сабитжандын үй-бүлөлөрүнүн өзгөчөлүктөрү көркөм түрдө берилди. “Кыямат” романында бул тема Бостон менен Базарбайдын тирешүүсүндө көрсөтүлдү - контраст аркылуу, ыйык мамиле менен арам аракеттин алкагында ачылды. “Кассандра тамгасы” романында “үй-бүлөнун” баалуулугу окумуштуу Роберт Борк менен анын жубайы Жессинин мисалында берилип, булар бири-бирин сыйлап, бири-бирине ишенип, терең сүйүнүн үлгүсүн негиздешти.

Айтматов өзүнүн чыгармаларында (өзгөчө романдарында) баалуулуктун беш беренесине автор катары көнүлүн бурган. Ушул беренелерди диссертант ар бирин өз алдынча иликтеп, атап чыкты, булар мына - “акыйкаттык”, “жакшылык”, “сулуулук”, “эмгек”, “үй-бүлө”. Ушуга

жазуучу абдан тереӊ маани бергенин диссертант аныктады. Мындай тартипте, мындай багытта Айтматовдун чыгармачылыгы буга чейин каралган эмес. Диссертант “аксиология” менен “адабиятты” диалектикалык бүтүмдө бириктирип, баалуулуктун беренелерин Айтматовдун романдарынан көрсөтүп чыкты. Мындай иликтөө позитивдүү баага татыйт.

**Диссертациянын максаты** Чынгыз Айтматовдун романдарындагы аксиологиялык мазмундуулугун ачып, автордун концепциясы тууралуу орун алган илимий пикирлерди талдап, кыргыз адабият таануусуна кошумча киргизүүгө арекет кылууда. Ушуга конкреттүү **милдеттер коюлду**.

1. Айтматовго тиешлүү изилдөөлөргө сереп жасоо.
2. Баалуулук аспектте изилдөө багыты келечектүү экенин негиздөө.
3. Изилдөөнүн обьектиси менен предметине баяндоо.
4. Иштин методологиясы менен методикасын көрсөтүү.
5. Материалдарды системалыштыруу.
6. Чыгармалардын текстерин анализдөө.
7. Романдардын көркөмдүк-аксиологиялык мазмунун ачуу.
8. Аксиологиялык өнүгүүнүн динамикасын талдоо.

**Диссертациянын темасынын жаӊылыгы -** Айтматовдун романдары алгач ирет аксиологиялык контекстинде каралды. Негизги каармандардын баалуулуктук мүнөздөмөсүнүн өзгөчөлүгүн жана автордун концепсиясын жаӊыча түшүнүүгө жол берилди. Аксиологиялык багыттар менен көркөм адабияттын мазмуну диалектикалык биримдикте каралды.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси** илимий тыянактарга, табылгаларга байланыштуу. Кыргыз адабиятынын классиктеринин чыгармаларын, алар жараткан көркөм-адабий туундулары боюнча жүргүзө турган изилдөлөргө көмөк болуп берет жана жаӊы жолдорду ачат.

Диссертациянын практикалык маанисин айтсак, иштин натыйжалары жогорку окуу жайларда Айтматовдун чыгармачылыгын тааныштырууда жана роман жанрын түшүнүүдө колдонулат. Кыргыз адабияты боюнча

окуу куралдарды жана окуу китептерди түзүүгө пайдаланылат. Спецкурс менен спецсеминарларды өткөрүүгө негиз болуп берет.

**Диссертацияда мындай жоболор коюлду.**

1. Ч. Айтамтовдун чыгармачылыгы адабият илиминде ар тараптан изилденген, жетиштүү түрдө, бирок баалуулуктук аспектте комплекстүү изилдөө боло элек.
2. Аксиологиялык изилдөөлөр адабит таануунун келечектүү багыты болуп бере алат, себеби классиктердин чыгармаларында баалуулуктук мазмун камтылып турат.
3. Автордун романдары баалуулукту изилдөөдө обьекти менен предмети болуп бере алат.
4. Баалуулуктук аспектте изилдөө үчүн адабият таануудагы аксиологиялык методологиянын жол-жоболоруна таянуу зарыл.
5. Изилдөөгө алынган романдар көркөм-аксиологиялык мазмунга ээ, себеби аларда адам турмушунүн дөөлөттүк сапаттары терең ачылган.
6. Романдын каармандары өз турмуш жолунда баалуулуктук эволюцияны баштан кечиришет жана “катарсис” кырдалына кабылышат.

Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктарында жана илимий иштин корутундусунда болгон негиздүүлүк күмөн санаттырбайт. Иш сапаттуу.

Диссертациянын авторефератында илимий изилдөөнүн мазмуну, максаты, милдеттери толук турдө чагылдырылды. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде жазылган резюме менен коштолду.

Бул илимий иштин сапаты талашсыз, профессионалдык денгелде жазылган, коюлган талаптарга жооп берет. Диссертант адабий илимине жаңылыкты алып келди жана практикалык жагыган да пайда берди деп тыянак чыгарсак ашык болбойт. Иштин илимий салмагы талашсыз.

**Диссертациянын бир аз кемчиликтер бар.**

1. “Кирешеге” “методология менен методика” деген бөлүм кирбей калыптыр. Ушуну жазыш керек.
2. Белгилүү эки илимпоздун ысымдары диссертацияга кирбей калды.

Айтматовдун романдарын терең жана сын пикирлүү түрдө талдаган Лев Аннинский менен Вадим Кожинов. Мындай сынчылар тизмеге кириш керек эле. Булардын илимий макалаларына диссертант полемикалык багытта пикирин айтса болмок.

Аталган кемчиликтер иштин жалпы салмагын төмөндөтпөйт, себеби принципиалдуу масштабдагы кемчиликтер эмес. Методологиянын нугу жана методиканын ыкмалары илимий иштин мазмунунда орун алган. Муну “Киришүү” бөлумунө киргизип коюш керек.

**Тыянак**

Ысакбаева Зинат Турдубековнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган “Ч. Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология” деп аталган диссертациясы коюлган талаптарга толук түрдө жооп берет.

Изденүүчү Ысакбаева Зинат Турдубековна филология илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражаны алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**филология илимдеринин доктору** **Мамбеталиев К.И.**

К.Мамбеталиевдин колун тастыктайм.
РИЦАнын окумуштуу катчысы: **Низаева М.**

2021-жыл, 6-январь